| | |
|---|---|
| **КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ**<br>**ОШ ОБЛУСУ**<br>**АЛАЙ РАЙОНУ**<br><br>**ТИЛЕКТЕШ АЙЫЛ АЙМАГЫНЫН**<br>**АЙЫЛДЫК КЕҢЕШИ** | **КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА**<br>**ОШСКАЯ ОБЛАСТЬ**<br>**АЛАЙСКИЙ РАЙОН**<br><br>**АЙЫЛ ОКМОТ**<br>**ТИЛЕКТЕШСКОГО АЙЫЛНЫЙ**<br>**КЕНЕШ** |

**Тилектеш айылдык кеңешинин VIII чакырылышынын кезектеги XIX отурумунун**

**Т О К Т О М У**

**28.05.2026. № 19/2** **Жаңы-Турмуш айылы**

**Муниципалдык ишкананын ишмердүүлүгү жана тиричилик калдыктарын чогултуу, чыгаруу, жок кылуу жана элди ичүүчү суу менен камсыздоо маселелерин кароо жөнүндө**

Айыл аймагында муниципалдык ишкананын ишмердүүлүгү жана тиричилик калдыктарын чогултуу, чыгаруу, жок кылуу жана элди ичүүчү камсыздоо боюнча, агрардык маселелер жана жер реформасы боюнча туруктуу комиссиясынын маалыматын угуп жана талкуулап, Кыргыз Республикасынын 1999-жылдын 25-мартындагы №33 "Ичүүчү суу жөнүндө" Мыйзамына, Кыргыз Республикасынын "Жергиликтүү мамлекеттик администрация жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары жөнүндө" Мыйзамынын 3-главасынын 34-беренесине ылайык, Тилектеш айылдык Кеңешинин VIII чакырылышынын кезектеги XIX сессиясы **токтом кылат:**

1. Тилектеш айыл аймагында калкты ичүүчү таза суу менен камсыздоо багытында "Тунук-Булак таза суу, тазалык, жайыт жана көрктөндүрүү" муниципалдык ишканасынын аткарган иштеринин абалы кемчиликтерди эске алуу менен "канааттандырарлык"деп табылсын жана калкка ичүүчү таза сууну жеткирүүдө толук кандуу камсыз кылуу жана ар бир суу пайдалануучу менен тыгыз байланышта иш алып баруу жагы муниципалдык ишкананын жетекчиси А.Иманахуновго милдеттендирилсин.
2. Тилектеш айыл аймагында калкты ичүүчү таза суу менен камсыздоо багытында "Тунук-Булак таза суу, тазалык, жайыт жана көрктөндүрүү" муниципалдык ишканасынын жетекчиси А.Иманахуновдун берген сунушуна менен муниципалдык ишкананын кызматкерлеринин кызмат көрсөтүү акылары тиркемеге ылайык бекитилсин (тиркеме тиркелет).
3. Жайыт төлөмдөрүн өз учурунда топтоо, жайлоо, жайыт жолдорун учурунда оңдоо, жашылдандыруу, таштанды чыгаруу боюнча айылдардан чыгарылган таштандыларды белгиленген жерлерге таштоо, муниципалдык кызмат көрсөтүүлөрдүн акысын өз учурунда топтоп, өздүк эсепке котортуп, мыйзам чегинде иш алып баруу, ошондой эле муниципалдык ишканага тиешелүү техникаларды оң абалда кармап, өз убагында техникалык кароодон өткөрүп, ар бир аткарган иштери боюнча так эсеп жүргүзүү жагы муниципалдык ишкананын жетекчиси А.Иманахуновго жүктөлсүн.

4. Бул токтомдун аткарылышын көзөмөлдөө жагы айылдык кеңештин агрардык маселелер жана жер реформасы жана укуктук маселелер жана мыйзамдуулук боюнча туруктуу комиссияларына тапшырылсын.

**Төрага** **К.Төрөшев**